«БЕКИТЕМИН»
ОшТУнун ректору
проф. [illegible]

## ОшТУдагы студенттик тайпалардын кураторлору жөнүндө
## ЖОБО

*(2017-жылдын 3-мартындагы Окумуштуулар кенешинде кабыл алынган.)*

### 1. Жалпы жобо

Студент жаштарды тарбиялоо – ЖОЖдун ар бир окутуучусунун кесиптик милдети жана коом алдындагы инсандык парзы. Студенттик тайпада жүргүзгөн куратордун иши окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн составдык бөлүгү болуп эсептелет. Университетте билим алуу менен кошо тарбиянын түрдүү багыттары боюнча студенттерди инсандык калыптандыруу процесси жүрөт. Ар бир студенттин университеттеги кеңешчиси, жакын адамы – бул куратор.

Кураторлук жумуш студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүү көрсөткүчтөрүн жогорулатат. Кураторлук саат тайпадагы студенттерди үзгүлтүксүз тарбиялоонун негизги каражаты. Тайпадагы студенттердин билим алууга болгон мамилеси, тартиби кураторлук саатта жумасына бир жолу жыйынтыкталып, көзөмөлдөнүп турат. Натыйжада студенттердин билим алууга болгон жоопкерчилиги күчөп, андан ары пландуу өнүгүүгө кадам ташталат.

1. Университеттик администрациянын студенттик тайпадагы ыйгарым укуктуу өкүлү - куратор. Ал кафедра башчысынын макулдугу аркылуу факультеттин деканы тарабынан дайындалып, университеттин ректорунун буйругунун негизинде бекитилет;

2. Кураторлук жумуш кафедрадагы окуу-тарбия иштеринин бир бөлүгү болуп эсептелет жана окутуучу тарабынан жекече иш план түзүлүп, ага жоопкерчиликтүү мамиле жасалат;

3. Куратор окуу жылынын башында, 1-курстан баштап билим алуунун мөөнөтү аяктаганга чейин студенттик тайпага бекитилет;

4. Декандын тарбия иштери боюнча орун басары, тарбия иштери боюнча кураторлордун ишин координациялайт, көзөмөлдөйт жана жетектейт.

5. Кафедрадагы окутуучунун кураторлук ишмердүүлүгүн уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү кафедра башчысы тарабынан ишке ашат;

6. Куратор өз ишин деканаттын макулдугу жана кафедра башчысынын бекитүүсүнөн өткөн атайын иш планга ылайык жүргүзөт;

7. Кураторлорго кафедра, деканат жана ректорат тарабынан сыйлыктар берилип турат;

8. Университет, факультет жана кафедра алдында тайпадагы студенттердин тарбиясына, окуу-тартибине болгон жоопкерчиликти куратор өз мойнуна алат. Кураторлун отчету ар бир семестрдин аягында кафедранын жыйынында декандын тарбия жана контракт иштери боюнча орун басарынын катышуусу менен угулат;

9. Куратор студенттик тайпага жыл бою жүргүзгөн тарбиялык иштерин кураторлук журналга жазып жүрүүгө тийиш. Кураторлук журнал отчеттук документ болуп саналат;

## 2. Куратордун милдеттери

1. Университеттин тарбия иштери боюнча окуу жылынын комплекстүү иш планына жана факультеттин тарбиялык иш-чараларынын планына ылайык: окуу жылына, семестрге, айга, жумага иш план түзүү жана бекиттирүү;

2. Студенттик тайпанын окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүктөрүнө жыл бою көңүл бөлүү. Жумасына бир жолу кураторлук саат өтүү;

3. Студенттерди Мекенин, университетин, кесибин сүйүүгө тарбиялоо;

4. Мамлекеттин, университеттин символдорун (гимн, герб, туусун) урматтоого тарбиялоо;

5. Студенттердин дүйнөгө болгон көз караштарын кеңейтүү максатында кураторлук сааттарда саясий, маданий, экономикалык жаңылыктарды, ар түрдүү тарбиялык багыттагы темалар боюнча аңгемелешүүлөр, талкуулар, докладдарды уюштуруу;

6. Шаардын, университеттин жана факультеттин коомдук, маданий-массалык иш-чараларына тайпаны активдүү катыштыруу;

7. Шаардын маданий жайларына саякат жасоо: музейлерге, кино, театрларга тайпанын студенттерин алып баруу;

8. Тайпанын активдерин (староста, сектор башчылары) демократиялык негизде дайындоо;

9. Тайпанын активдери менен тыгыз байланышта болуу жана аларды өз алдынчалыкка үйрөтүү;

10. Тайпанын жекече өзгөчөлүктөрүн иликтөө: куратор студенттердин жатаканалардагы, үйлөрдөгү турмуштук-жашоо шарттарын, алардын социалдык абалын, кызыгууларын, жүрүм-турумун, бош убактысын эмне менен өткөзөөрүн билүүгө тийиш;

11. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөл кылуу.

12. Сабактарга катышуусу жана жетишүүсү начар студенттердин конкреттүү себептерин аныктоо жана аларга өз убагында усулдук-уюштуруучулук жагынан жардам көрсөтүп туруу;

13. Ата-энелер менен педагогикалык кызматташуу (ата-энелер чогулушу, кат алышуу ж.б.), аларга студент жөнүндө чыныгы маалыматтарды билдирип туруу;

14. Окуу-тарбия процессинде студенттердин кесиптик билим алуусуна приоритеттүү маани берүү, ошону менен бирге аларды маданияттуулукка, ыймандуулукка тарбиялоо, коомдогу активдүүлүгүн жана коздукка болгон табитин өнүктүрүү, коом алдында жарандык өсүп жетилүүсүн жана жоопкерчилигин калыптандыруу;

15. Студенттердин жогорку окуу жайына жайгашуусуна (адаптацияланууусуна) жакындан жардам берүү;

16. Өлкөдөгү, университеттеги жана факультеттеги маанилүү жаңылыктар, буйруктар, мыйзамдар менен тайпанын студенттерин кабардар кылып туруу;

17. Тайпанын студенттерин окуу планы, университеттин ички тартип эрежелери, экзамен- зачетторду тапшыруулардын эрежелери, билимди баалоонун рейтинг системасы менен тааныштыруу;

18. Тайпанын студенттерин олимпиадаларга, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге, интеллектуалдык таймаштарга активдүү катыштыруу;

19. Студенттерди илимий-иликтөө иштерине кызыктыруу жана жардам берүү;

20. Окуудан четтетилген студенттерди кечиктирбестен ата-энесине кабарлоо;

21. Тайпадагы студенттердин окуу келишим акысын өз убагында төлөтү

22. Тайпадагы ынтымактуулукту камсыз кылуу. өзүнүн кызыкчылыгы менен жамааттын кызыкчылыгын айкалыштыра алган жамаатчыл инсанды тарбиялоо;

23. Студенттин жүрүм-турумундагы терс көрүнүштөрдү жоюу;

24. Студенттерди өзүн өзү тарбиялоосуна, өзүнүн үстүнөн иштөөсү бош убактысын пайдалуу нерселерге жумшоосуна усулдук жардам көрсөтүү;

25. Студенттердин окуу программаларын өздөштүрүүсү тууралуу окутуучулар менен куратордун педагогикалык кызматташуусу;

## 3. Куратордун укуктары

1. Студенттик тайпанын бардык сабактарына катыша алат. Зарыл учурларда экзамен менен зачетторго да катышууга укуктуу;

2. Студенттик тайпа үчүн окуу-усулдук иштерин жакшыртуу сунушу менен кафедраларга кайрылат;

3. Окутуучулардан өзүнүн тайпасындагы студенттердин окуусу, тарбиясы жөнүндө маалымат алат жана кээ бир студенттерге окуу процессинде өзгөчө жардам көрсөтүүсүн суранат;

4. Университеттин жатаканаларындагы жашоо-шарттардын, тарбиялык иштердин жакшыртуусу боюнча деканатка, ректоратка маселе көтөрүп чыгууга;

5. Студенттердин окуп-тарбияlануусуна, терең билим алуусуна тиешелүү шарттарды түзүү боюнча деканатка, ректоратка кайрылууга;

6. Студенттерди окуудан четтетүү, которулуу, тикелөө боюнча деканаттын чечим чыгаруусуна катышууга;

7. Кураторлук ишмердүүлүктө өзүнүн алгылыктуу, жаңычыл иш тажрыйбасын башкаларга жайылтуу боюнча факультеттин Окумуштуулар Кеңешинде, университеттин массалык маалымат каражаттарында үгүттөй алат;

8. Тайпадагы студенттерди академиялык, социалдык стипендияларга, сый лыктарга сунуштайт;

9. Тайпанын активдүү студенттерин факультеттин студенттик өзүн өз башкаруу структурасына сунуштайт;

10. Окутуучулардан тайпадагы студенттердин академиялык жетишүүлөр жана тартибине байланыштуу маалыматтарды алууга;

11. Студенттерге мүнөздөмө жана жүрүм-турумуна баа берүүгө;

12. Тайпанын чогулуштарында студенттерге эскертүү, сөгүш жарыялоо жана окуу келишимдик акыны төлөбөгөн, академиялык карыздары бар, коом

терс жүрүм-турумдардан арылбаган студенттерди окуудан четтетүү тууралу деканатка сунуш берүүгө;

## 4. Куратордун документтери

1. ОшТУдагы студенттик тайпалардын кураторлору жөнүндө Жобо;
2. Куратордук журнал;
3. Тарбиялык иштердин пландары;
4. Куратордук сааттардын протоколдору;
5. Кыргыз Республикасынын жана ОшТУнун гимни (тексти жана музыкасы);
6. Кыргыз Республикасынын жана ОшТУнун символдору (герб, туусу);
7. Студенттер жөнүндө маалыматтар: аты-жөнү, туулган жылы-күнү, улуту, жарандуулугу, ата-энесинин жашаган жери, телефондору, студенттин жашаган дареги, телефондору;
8. Тайпадагы студенттердин окуу программасын өздөштүрүүсү жөнүндө маалымат (ар бир семестрдеги);
9. Тайпадагы студенттердин окуу келишимдик акысын төлөгөндүгү жөнүндө маалымат;
10. Ата-энеси жок студенттердин тизмеси;
11. Майып студенттердин тизмеси;
12. Чет өлкөлүк студенттердин тизмеси;
13. Жатаканада жашаган студенттердин тизмеси;
14. Үйлөрдө жашаган студенттердин тизмеси;
15. Үй-бүлөлүү студенттердин тизмеси;
16. Окуунун мыктыларынын тизмеси;
17. Спортсмен, таланттуу студенттердин тизмеси;
18. Жетишүүсү жана катышуусу начар студенттердин тизмеси;
19. Куратордук иштердин отчету.

**Студенттик тайпаларда тарбиялык иштерди жана кураторлук саааттарды өткөрүүнүн болжолдуу планы**

| Жумалар | Сунуш кылынуучу темалар | |
|---|---|---|
| | Сентябрь айы үчүн | |
| | 1-курстар | 2-3-4-5-курстар |
| 1-жумасы | 1. Республиканын эгемендүүлүк майрамы;<br>2. Билим күнү;<br>3. Тайпа менен таанышуу;<br>4. Факультет, кафедралар менен тааныштыруу;<br>5. Тайпанын активдерин шайлоо;<br>6. Китепканалар менен таанышуу, окуу китепчелери менен камсыз кылуу;<br>7. Кураторлук саат. | 1. Республиканын эгемендүүлүк майрамы;<br>2. Билим күнү;<br>3. Патриоттуулук – КРнын гимнин билүүдөн башталат;<br>4. «Биримдик аркылуу өнүгүү» Кыргызстандын жалпы улуттук идеясы;<br>6. Окуу жылын пландоо<br>7. Кураторлук саат. |
| 2-жумасы | 1.Кураторлук саат;<br>2. «Университетим – сыймыгым» (ОшТУ боюнча маалымат);<br>3. «Ош шаарын канчалык билесиң?» маектешүү. Шаардын музейлерине саякат. | 1.Кураторлук саат;<br>2. Театрга баруу;<br>3. «Сулуулук сырлары» Ош шаарындагы сулуулук салондорунун стилисттери менен маектешүүлөр. |
| 3-жумасы | 1.Кураторлук саат;<br>2. Мамлекеттик тил майрамы «Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт...» дебат уюштуруу;<br>3. Окуу-тарбия процессиндеги дисциплиналар, университеттин ички тартиптери жөнүндө маалымат;<br>4. Театрга баруу ;<br>5. Факультеттердеги футбол, волейбол, баскетбол боюнча курстар аралык мелдештерге катышу. | 1.Кураторлук саат;<br>2. Мамлекеттик тил майрамы «Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт...» дебат уюштуруу;<br>3. Факультеттердеги футбол, волейбол, баскетбол боюнча курстар аралык мелдештерге катышуу. |
| 4-жумасы | 1. Кураторлук саат;<br>3. «Биз силерди күткөнбүз!» | 1.Кураторлук саат;<br>3. ОшТУнун Жаштар коми- |

| | | |
|---|---|---|
| | университеттин 1-курстарына арналган тушоо кесүү кечесине катышуу;<br>4. ОшТУнун Жаштар комитетин жана студенттик Акыйкатчысын шайлоого катышуу. | тетин жана студенттик Акыйкатчысын шайлоого катышуу. |
| | **Октябрь айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | 1.Куратордук саат;<br>2. «Кутмандуу карыларым» 1-октябрь улгайган адамдардын эл аралык күнү (жолугушуу);<br>3. Ош шаарынын күнүнө карата музейлерге баруу;<br>4. Флюорографиядан студенттерди өткөрүү. | 1.Куратордук саат;<br>2. «Кутмандуу карыларым» 1-октябрь улгайган адамдардын эл аралык күнү (жолугушуу);<br>3. Ош шаарынын күнүнө карата музейлерге баруу;<br>4. Флюорографиядан студенттерди өткөрүү. |
| **2-жумасы** | 1.Куратордук саат;<br>2. «Инженер – келечектин үлгүсү» (чакан кече уюштуруу);<br>3. Театрга баруу; | 1.Куратордук саат;<br>2. «Инженер – келечектин үлгүсү» (чакан кече уюштуруу);<br>3. «Мен билген улуу инженерлер» маектешүү; |
| **3-жумасы** | 1.Куратордук саат;<br>2. «Алтын күз» (күз майрамы);<br>3. «Шаардык маданият деген эмне?» тегерек стол;<br>4. Факультеттеги дебаттык таймаштарга катышуу. | 1.Куратордук саат;<br>2. «Алтын күз» (күз майрамы);<br>3. «Шаардык маданият деген эмне?» тегерек стол;<br>4. Факультеттеги дебаттык таймаштарга катышуу. |
| **4-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. БУУнун эл аралык күнү «Улуттар биримдиги - улуу байлыгыбыз»(диспут);<br>3. Поэзия кечелери (белгилүү акындардын, чыгармачыл студенттердин ырларын угуу); | 1. Кураторлук саат;<br>2. БУУнун эл аралык күнү «Улуттар биримдиги - улуу байлыгыбыз»(диспут);<br>3. «Мен бош убактымды интернетте өткөзөм» студенттерге интернеттин пайдалуу жактарын айтып берүү; |
| | **Ноябрь айы үчүн** | |
| **1-** | 1.Куратордук саат; | 1.Куратордук саат; |

| | | |
|---|---|---|
| жумасы | 2.Менин милициям мени коргой алабы? (жолугушуу);<br>3. Илимпоздор, аспиранттар, стипендианттар менен жолугушуу. | 2.Менин милициям мени коргой алабы? (жолугушуу);<br>3. Факультеттеги дискуссияларга катышуу. |
| 2-жумасы | 1.Кураторлук саат;<br>2. «Сөз эркиндиги» (Басма съз кызматкерлери менен жолугушуу);<br>3. «Интеллегенттүүлүктүн бир белгиси – гезит окуу?» талкуу;<br>4. 10-ноябрь Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү! «Жаштык» жаштар жумалыгына катышуу. | 1.Кураторлук саат;<br>2. «Сөз эркиндиги» (Басма сөз кызматкерлери менен жолугушуу);<br>3. «Интеллегенттүүлүктүн бир белгиси – гезит окуу?» талкуу;<br>4. 10-ноябрь Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү! «Жаштык» жаштар жумалыгына катышуу. |
| 3-жумасы | 1.Кураторлук саат;<br>2. «Студенттердин эл аралык күнү - 17-ноябрь!» майрамдык кече уюштуруу; | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Студенттердин эл аралык күнү - 17-ноябрь!» майрамдык кече уюштуруу; |
| 4-жумасы | 1. Кураторлук саат;<br>2. Контрактык төлөмдөр;<br>3. «Сен өз укугуңду билесиңби?» студенттик Акыйкатчы менен жолугушуу. | 1. Кураторлук саат;<br>2. Контрактык төлөмдөр;<br>3. «Сен өз укугуңду билесиңби?» студенттик Акыйкатчы менен жолугушуу. |
| | **Декабрь айы үчүн** | |
| 1-жумасы | 1. Кураторлук саат;<br>2. «СПИД жөнүндө эмнелерди билесиң?» адистер менен жолугушуу уюштуруу;<br>3. Ата-энелер чогулушу:<br>а) ата-энелердин уктары менен тааныштыруу;<br>б) Ар бир студенттин семестрдеги сабактарга катышуусу, жетишүүсү, жүрүм-туруму боюнча маалымат берүү. | 1. Кураторлук саат;<br>2. «СПИД жөнүндө эмнелерди билесиң?» адистер менен жолугушуу уюштуруу;<br>3. «3-декабрь – майыптар күнү экенин унутпа!» майыптар үйүнө баруу. |
| 2-жумасы | 1. Кураторлук саат;<br>2. Аалам жана Айтматов» (ке- | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Аалам жана Айтматов» (ке- |

| | | |
|---|---|---|
| | че уюштуруу);<br>«Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?» талкуу;<br>3. «Менин биринчи сессиям!» экзамен-зачеттор боюнча түшүндүрүү иштери. | че уюштуруу);<br>3. «Сен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окудуң беле?» талкуу. |
| **3-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. Сессия. | 1. Кураторлук саат;<br>2. Сессия. |
| **4-жумасы** | 1. Сессия;<br>2. «Ректордук бал» эң мыкты окуган студенттер үчүн Жаңы жылдык кече. | 1. Сессия;<br>2. «Ректордук бал» эң мыкты окуган студенттер үчүн Жаңы жылдык кече. |
| | **Январь (дем алыш)** | |
| | **Февраль айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. Сессиянын жыйынтыгы; | 1. Кураторлук саат;<br>2. Сессиянын жыйынтыгы; |
| **2-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. "Мекенди коргоо ыйык милдет" аттуу Авган согушунун ардагерлеринин катышуусунда жолугушуу уюштуруу | 1. Кураторлук саат;<br>2. "Мекенди коргоо ыйык милдет" аттуу Авган согушунун ардагерлеринин катышуусунда жолугушуу уюштуруу |
| **3-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. «ОшТУнун мырзасы » сынагына катышуу. | 1. Кураторлук саат;<br>2. «ОшТУнун мырзасы» сынагына катышуу. |
| **4-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Жигиттерибиз ата журт бейпилдигин камсыз кыла алабы?» (талкуу); | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Жигиттерибиз ата журт бейпилдигин камсыз кыла алабы?» (талкуу); |
| | **Март айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Ааламдын көркү аялзат» сулуулук салондорунун адистери менен жолугушуу; | 1. Кураторлук саат;<br>2. «Ааламдын көркү аялзат» сулуулук салондорунун адистери менен жолугушуу; |

| | | |
|---|---|---|
| **2-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>3. «Жаз. Жаштык. Сүйүү» адабий кече өткөрүү. | 3. «Жаз. Жаштык. Сүйүү» адабий кече өткөрүү. |
| **3-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>2. «Нооруз – көктөм майрамы» улуттук тамак-аштарды жасоо;<br><br>5. Нооруз майрамына карата улуттук оюндар: ордо́, күрөш, кол күрөш, аркан тартыш, гир көтөрүүгө катышуу. | 1. Кураатордук саат;<br>2. «Нооруз – көктөм майрамы» улуттук тамак-аштарды жасоо;<br><br>5. Нооруз майрамына карата улуттук оюндар: ордо, күрөш, кол күрөш, аркан тартыш, гир көтөрүүгө катышуу. |
| **4-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>2. Терроризм улуттун коркунучу тууралуу түшүнүк берүү<br>3. Эл аралык театр күнү (театрга барууну уюштуруу); | 1. Кураатордук саат;<br>2. Терроризм улуттун коркунучу тууралуу түшүнүк берүү<br>3. Эл аралык театр күнү (театрга барууну уюштуруу); |
| | **Апрель айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>2. Күлкү күнү (КВНге катышуу);<br>3.7-апрель Элдик ревалюция күнү<br>4. Университеттик сүрөт көргөзмөсүнө катышуу; | 1. Кураатордук саат;<br>2. Күлкү күнү (КВНге катышуу);<br>3. 7-апрель Элдик ревалюция күнү<br>4. Университеттик сүрөт көргөзмөсүнө катышуу; |
| **2-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>2. Ден соолуктун бүткүл дүйнөлүк күнү<br>3. Университеттик деңгээлдеги «ОшТУ периси » кыздардын сулуулук сынагына баруу. | 1. Кураатордук саат;<br>2. Ден соолуктун бүткүл дүйнөлүк күнү<br>3. Университеттик деңгээлдеги «ОшТУ периси » кыздардын сулуулук сынагына баруу. |
| **3-жумасы** | 1. Кураатордук саат;<br>2. Эстеликтердин жана тарыхый жайлардын эл аралык күнү (шаардагы тарыхый жайларга, музейлерге саякат | 1. Кураатордук саат;<br>2. Эстеликтердин жана тарыхый жайлардын эл аралык күнү (шаардагы тарыхый жайларга, музейлерге саякат уюштуруу). |

| | | |
|---|---|---|
| | уюштуруу). | |
| **4-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. «Билимдүүгө дүйнө жарык» аттуу илим жумалыгын уюштуруу | 1. Куратордук саат;<br>2. «Билимдүүгө дүйнө жарык» аттуу илим жумалыгын уюштуруу |
| | **Май айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. 5-май КРнын конститутция күнү. «Мен конститутцияны канчалык билем?» (доклад, талкуу уюштуруу). | 1. Куратордук саат;<br>2. 5-май КРнын конститутция күнү. «Мен конститутцияны канчалык билем?» (доклад, талкуу уюштуруу). |
| **2-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. Ыйык жеңиштин улуу кайратмандары (согуштун ветерандары менен жолугушуу); | 1. Куратордук саат;<br>2. Ыйык жеңиштин улуу кайратмандары (согуштун ветерандары менен жолугушуу); |
| **3-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. Жалпы психология, Ата Мекен тарыхы, философия, экономика, саясат таануу сабактары боюнча «Брейн-ринг» билимдүүлөр таймашына катышуу. | 1. Куратордук саат;<br>2. Жалпы психология, Ата Мекен тарыхы, философия, экономика, саясат таануу сабактары боюнча «Брейн-ринг» билимдүүлөр таймашына катышуу. |
| **4-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. Жайкы сессияга даярдык. | 1. Куратордук саат;<br>2. Жайкы сессияга даярдык. |
| | **Июнь айы үчүн** | |
| **1-жумасы** | Сессия | Сессия |
| **2-жумасы** | Сессия | Сессия |
| **3-жумасы** | Сессия | Сессия |
| **4-жумасы** | 1. Куратордук саат;<br>2. Жылдын жыйынтыгын чыгаруу. | 1. Куратордук саат;<br>2. Жылдын жыйынтыгын чыгаруу. |

**ТИжСӨД директору:** **Ыдырысов Р.Ж**